**УДК: 371.126**

**Жумукова Адина**
И. Арабаев ат. КМУнун Манас таануу жана лингвистика институту,
Лингвистика кафедрасы, мугалим
**Жумукова Адина**
КГУ им. И.Арабаева, ИМиЛ, кафедра Лингвистики, преподаватель
**Zhumukova Adina**
KSU named after I. Arabaev, Institute of Manasology and Linguistics,
Department of Linguistics, Instructor

# БОЛОЧОКТОГУ МУГАЛИМДИН КОММУНИКАТИВДИК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮН ӨНҮКТҮРҮҮ ЖАНА БАА БЕРҮҮ

# РАЗВИТИЕ И ОЦЕНКА КОММУНИКАТИВНОЙ КОМПЕТЕНТНОСТИ БУДУЩЕГО ПЕДАГОГА

# DEVELOPMENT AND EVALUATION OF COMMUNICATIVE COMPETENCES OF FUTURE TEACHERS

**Аннотация:** Макалада жогорку окуу жайынын бүтүрүүчүсүнүн коммуникативдик компетенттүүлүгүнө карата компетенттүүлүккө негизделген ыкмалары каралган. Мугалимдин коммуникативдик компетенттүүлүгүнүн мазмуну, коммуникативдик компетенциялардын жыйындысын өздөштүрүү деңгээли катары каралып, бүтүрүүчүнүн педагогикалык чөйрөдө ийгиликтүү иш алып баруусу үчүн пайда болгон билимдер, жөндөмдөр, көндүмдөр жана компетенттүүлүктү колдонууну чагылдырат.

**Негизги сөздөр:** педагогикалык байланыш; компетенттүүлүккө негизделген мамиле; коммуникативдик компетенттүүлүк; келечектеги мугалим; эффективдүү билим берүү, кесиптик компетенция; методика; интеллект; окуу системасы; педагогика тармагы.

**Аннотация:** В статье осуществлен компетентностный подход применительно к коммуникативной компетентности выпускника вуза. Раскрыто содержание коммуникативной компетентности педагога как уровень владения совокупностью коммуникативных компетенций, отражающий степень готовности выпускника к применению знаний, умений, навыков и сформированных на их основе компетенций для успешной коммуникативной деятельности в педагогической области.

**Ключевые слова**: педагогическая коммуникация; компетентностный подход; коммуникативная компетентность; будущий педагог; эффективное образование; профессиональная компетенция; методика; интеллект; система образования; область педагогики.

**Annotation:** This article is devoted to the problems of a professional pedagogical staff‘s training quality from the position of the federal state educational standards of new generation. The expert knowledge consists of communicative competence, i.e. minimal skills. It defines the level of professional training efficiency. Communicative competence and the essence of expert knowledge are described in the article in detail.

**Key words:** pedagogical communication; competence quality approach; communicative competence; future teacher; effective education; professional competence; methodology; intelligence; educational system; field of pedagogy.

Азыркы учурда билим берүү тармагы ар бир студенттин өнүгүүсүн чечүүчү компоненттеринин бири болуп эсептелет. Туруктуу экономикалык өсүштү камсыз кылуу үчүн, калктын билим берүү деңгээлинин жогорулашы абдан маанилүү. Кыргыз Республикасында билим берүү коомдук менталитеттин өзгөрүү процесстеринде негизги орунда тургандыктан, адамзатты өнүктүрүүнүн масштабдуу процесстери дал ушул билим берүү аркылуу ишке ашырылат. Ошондуктан, билим берүүдөгү азыркы тенденциялар билим берүүнүн ролу, функциясы жана орду жөнүндөгү маселелерди кайрадан ой элегинен өткөрүп, мындан аркы өнүгүү жолунда дагы жаңы мамиле-ыкмаларды иштеп чыгууну талап кылууда.

Жогорку эффективдүү билим берүү системасы келечекте өлкөнүн экономикасынын туруктуу өнүгүүсүн камсыз кылуучу негизги факторлордун бири болуп саналат. Андыктан, өз алдынча чыгармачылык менен иштеп, кесиптик милдеттерин так аткара алган компетенттүү инсанды, атаандаштыкка жарамдуу адисти өстүрүп, даярдап чыгарууну камсыз кылган система түзүлүүгө тийиш. Чындыгында, ар бир студент өзүндө мугалимдик кесипке тиешелүү болгон баалуу сапаттарды окуп жүргөн кезинен калыптандыруусу абзел. Ошондой эле, педагогика илиминде мугалимдик кесип, башка кесиптердей эле атайын жарамдуулукту, керектүүлүктү талап кылат. Башкача айтканда, мугалим балдарды чын жүрөгү менен сүйгөн, алар үчүн жан дили менен берилип иштеген, жаңыча усулдар менен иштей билүү жөндөмдүүлүгүнө ээ болгон, руханий дүйнөсү бай, эмгекчил, чыгармачыл, изденген адам болушу зарыл.

Эмне себептен мугалим кесибин чын жүрөгү менен сүйүп, жан дили менен берилип иштөөсү керек? Себеби биз мектеп босогосун жаңы аттагандан баштап, тамга таанууда, окууда, көптөгөн жаңы нерселерди үйрөнүп, мектептин уясынан учууда, кыялданган кесибибизди тандап, ошол тармакка багыт алууда мугалим биздин жол көрсөткүчүбүз же дайыма жардам берген инсаныбыз бойдон кала берет. Эгерде бизге билим берүүдө мугалим тарабынан кандайдыр бир мүчүлүштүктөр кетсе, мисалы: билим алып жаткан студентке компетентүүлүктү сактабастан орой мамиле кылуусу, моралдык жактан басынтуу бул студенттин келечектеги жашоосуна чоң кедергисин гана тийгизет. Менин оюм боюнча мугалим бул жөн гана өз сабагын мыкты билбестен, адамдардын оюн түшүнгөн, кыйын кырдаалдарда жардам бере ала турган жашоодогу психолог болуу керек десем болот. Ошондой эле, азыркы убакыттын мугалими профессионалдык компетенттүү болуп, тынымсыз билим алып жүрүшү зарыл. Мугалимдин профессионалдык, педагогикалык компетенттүүлүгү–аныкталган баалуулуктардын, идеалдардын жана педагогикалык аң-сезимдин алып жүрүүчүсү катары анын педагогикалык ишмердүүлүгүнүн, педагогикалык мамиле кылуу жана мугалимдин инсандыгынын калыптангандыгын аныктоочу, жана ага керектүү билимдердин, билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн суммасына ээ болуу [4, б 416] .

Билим берүү системасында, өзгөчө ЖОЖдо билим берүүнүн сапатын жогорулатууда болочок мугалимдин инсан катары, келечектин мыкты кесипкөй адиси катары калыптандырууда жаңы компетенттүү мамиле келип чыгууда. Аталган компетенттүү мамиленин негизинде жалпы билимдерди берүү менен бирге, мамлекеттик стандартта талап кылынган кесиптик компетенттүүлүктү калыптандыруу, коомдун өсүп-өнүгүүсүнө керектүү болгон: коммуникативдүүлүктү, жоопкерчиликти, чечкиндүүлүктү, белгиленген максаттарды ишке ашыруу сыяктуу нерселерди өнүктүрүү маселеси жатат.

Мен өзүмдүн кесибим мугалим катары, практикамда кездешкен кырдаалды айтсам: көптөгөн студенттер өздөрүн мугалимдик тармакта сынап көрүү максатында, ЖОЖдорго тапшырып, билим алып келишет. Бирок алардын айрымдары эч аракети, карьерага койгон планы жок, жөн гана ата-энесинин мажбурлоосу менен же убакытты текке кетирбөө

максатында гана тапшырып, чын дили менен окугулары келбейт. Убакыттын өтүшү менен ушул студенттер билим берүү тармагында иштеп калышса, ал жактагы билим алып жаткан балдарга кыйынчылык туулуп, окуп жаткан сабагынан оорчулук жаралат. Ошондуктан, компетенттүү мамиленин негизинде болочок мугалимди окутуу: чечкинсиздикти жеңүүгө, оптималдуу карым-катнашты түзүүгө, алдына койгон максаттарды жоопкерчиликтүү жана чыгармачыл түрдө чечүүгө болгон жөндөмдөрүн өнүктүрүү менен бирге, кесиптик, коммуникативдик компетенттүүлүктү калыптандырууга чоң мүмкүндүк берет.

Азыркы педагогикалык илимде жаңы методологиялык көз-караштар пайда болуп, инновациялык процесстерге жолдор ачылып, студенттерди мугалимдик кесипке окутууда жаңы билим берүү парадигмасы иштелип чыгууда. Буга менин көз-карашым түз, анткени биз жаңы нерселерди үйрөөнү заманында жашап жатабыз. Ушул эле бир жыл аралыгын алсак, биз жана педагогика тармагында окуп жаткан болочок мугалимдер көп жаңы методика, программаларды колдонуп жана жакшы өздөштүрө алдык десем болот. Мисалы: zoom, jitsi meet, google meet жана башка программалары. Ошондой эле, адистин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу маселелерин изилдешкен окумуштуулар катары: А.О.Абдулина, О.А. Донских, В.П. Байденко,Т.Г. Браже,А.Н.Леонтьев , И.А. Зимняя, Ю.В. Фролов жана башкаларды айтсак болот[2, б 36-41].

ЖОЖдогу окутуу мезгили келечектеги мугалимдин кесиптик компетентүүлүгүн калыптандырууда чоң мааниге ээ. Изилдөөчүлөр: В.А. Адольф , В.Д. Шадриков , З.В. Якимова, В.И. Николаева , О.В. Романова , Н.А. Разина, В.А Ясвин , ж.б. мугалимдин кесиптик компетентүүлүгүн кеңири изилдешкен. Айрымдары (В.Д. Шадриков, Е.Ю. Юдина, ж.б.) баса белгилегендей, бул мезгил мүнөздүн, интеллекттин, инсандын көз караштары менен позициясынын калыптануу мезгили болуп саналат. ЖОЖдо окуган учурда болочок мугалимдин инсандык баалуулуктарынын системасынын багыты кайрадан түзүлүп чыгат. Бир жактан бул көлөмдүү билимге ээ болуусу, кесиптик даярдыкка байланышкан атайын жөндөмдүүлүктөрүнүн өнүгүшү болсо, экинчи жактан, В.П. Давыдов менен М.И. Дядченконун пикирлери боюнча болочок кесибин өз алдынча баалай баштайт. Менин оюмча, бул куракта адамдын ой-жүгүртүүсү кеңейип, психологиялык жана моралдык жактан өзүн ушул кесипке даярдай баштайт [1, б 544 ].

Ошондуктан, ЖОЖдун окуу процессинде болочок мугалимдин окуу мотивациясына, коммуникативдик компетентүүлүгүнө натыйжалуу таасир этүүчү механизмдерди билгичтик менен пайдалануу талап кылынат.

Убакыттын өтүшү менен, технология тез ылдамдыкта өнүгүп, жаңыча талаптар коюулууда: бүгүнкү күндө гуманитардык илимдер: философия, психология ж.б. тармактарын чет тили менен айкалыштыра билген алдыңкы кесипкөйлөргө муктаждык күчөдү. Айрыкча, мугалимдер чет тилин жакшы өздөштүрүп, чет тил билүү компетентүүлүгүнө ээ болуу зарылчылыгы талап кылынууда. Мына ушинтип, чет тили бүгүнкү күндө өзүнүн негизги функциясын аткарууга толук убакыт келип жетти десек жаңылышпайбыз. Чет тилди билип, аны башка улуттар менен баарлашууда колдонуунун да таасири чоң: бирин-бири түшүнүү, бири-бирине өз ара таасирин тийгизүү жана интеллектин жогорку деңгээлде болушуна жардам берет. Бүгүнкү күндө педагогика багытында окуган студенттер, болочок мугалим катары башка улуттардын маданиятын, каада-салтын чет тили аркылуу билип, андан тышкары анализдөө, синтездөө, салыштыруу аркылуу, ички-тышкы, оозеки, жазуу, диалог, монолог түзүү аркылуу коммуникативдик компетенттүүлүккө ээ болушу керек деп эсептейм. 1971-жылдан баштап Европа кеңешмесинин проектисинин алкагында чет тилдерди өздөштүрүүгө өтө чоң көңүл бурулуп жана аны баалоо негизги принциптердин бири катары каралып

келүүдө. Ошондой эле, XXI кылымдын мугалими көп компетенцияларга ээ болушу керек деп белгилеген окумуштуулар катары: А.Андреев,В.В. Грачев, О.А.Донских, Г.В.Никитина, С.А. Панина, Г.К. Селевко, А.В. Хуторскойлорду айтсак болот [ 6, б 19].

XX кылымдын 90-жылдарында ООНдун отчету боюнча мамлекеттин эффективдүү өнүгүүсүнүн бирден бир белгиси катары билим берүү деңгээли каралган. Мына ушул далилдердин негизинде бардык өлкөлөрдө билим берүүдөгү кризисти жеңүү маселелери биринчи орунга коюлуп, каралган. Бүгүнкү күндө биз, адамзат тарыхында коомду глобалдаштыруу максатынын негизинде индустриялдык коомдон информациялык коомго секирик жасап, “адам факторунун” ролу кенейип жаткандыгын моюнга алышыбыз керек [7, б 20-30]. Айрым изилдөөчүлөр: Ю.О. Бабаева, А. Е. Войскунский, В.В. Копьев ж.б. жалпы цивилизациялык кризистин башталганын, анын ичинде, адамзаттын кризиси, анын руханий байлыгынын, баалуулугунун, дүйнө таануусунун, маданий ойлоого жөндөмдүүлүгүнүн да кризиси башталгандыгын кабарлашат. [3, б 184]

Мен бул төмөндө аталган окумуштуулардын ойлоруна толук кошулам, анткени биз жашап жаткан доор бул-билимдүүлөрдүн доору, анда биз материалдык баалуулуктарга эмес, руханий байлыкка, дүнүйө-оокаттарына эмес, дүйнө таанымга убактыбызды бөлүшүбүз керек. Ушул тапта болочок мугалимдин коммуникативдүү компетенциясынын маңызын ачууда дагы бир өзгөчөлүк пайда болду: ал студенттердин ар тараптан коммуникацияга даяр болуусун талап кылуу менен бирге, стилистикалык тактыкты сактоо, эл аралык сүйлөө этикеттерин колдонуу компетенциялары саналат. ЖОЖдо чет тилин окуп-үйрөнүүдө коммуникативдик багыт өз ордун тапкан десек жаңылышпайбыз. Жер жүзүндөгү бардык адамзаттын турпаты бир-бири менен окшошпогондой, адамдардын психологиясы да ар кандай десем болот. Маселен: айрым студенттер өтө активдүү, аракетчил болсо, айрымдары уялчаак, жоош же коркок болушат. Эмне себептен коркок, анткени тил үйрөнүү көп убакытты талап кылган процесс, бирок көбү кыска убакыттын ичинде сүйлөөнү кыялданып, ката кетирип, туура эмес сүйлөөдөн уялышат же коркушат. Анткен менен мугалимдин аракетинин натыйжасында, чет тилде мыкты сүйлөгөн, коммуникацияга даяр адистер ЖОЖду бүтүрүшөт. Оозеки туура сүйлөө компетенциясы бул чыныгы мугалимдин кесиптик компетенциясы менен түзмө-түз тыгыз байланышта. Себеби, мугалим чет тилди үйрөтүүдө белгилүү бир теманы багыттап, бир окуя жөнүндө ар түрдүү коммуникативдик ыкмалар менен айта алышы керек. Е.И. Пассов айткандай: ”Мугалим бул башка элдин тилин билген адис катары да жоопкерчилиги жогору болуп калат”. Башкача айтканда, билим алып жаткан студенттер, мугалимди ошол элдин каада-салтын, үрп-адатын мыкты деңгээлде билген, ошол жерде көп жыл жашаган кесипкөй адис катары кабыл алышат ошол себептен, мугалим ар тараптан изденип, чоң жоопкерчиликти сезет.

Байыркы кылымдын өкүлү грек тамсилчиси Эзоп айткандай “ачуусу да тил, ширини да тил”, болочок мугалим чет тилин жөн гана билүү менен чектелбестен, ал жаш муунду окутуу, үйрөтүү, тарбиялоо компетенцияларына ээ болушу керек. Бирок, аталган компетенциялардын топтомунун негизинде тилди эң жакшы өздөштүрүү компетенциясы жатат. Бир тилди, бир нече тилди өздөштүрүнүн негизинде көп кесиптик компетециялардын түшүнүктөрү жатат. Өз кесибин сүйгөн, предметин жакшы билген, жакшы түшүнгөн, сабакты кызыктуу, бөлүнгөн убакытка жараша үнөмдүү, жемиштүү пайдалана билген, окуу программасын түзө алган компетенцияларды да айта кетишибиз керек.

Билим берүүдө бир эле методду колдонуп, күн сайын кайталай берүү студенттин кызыгуусун жоготот. Өзгөчө жаңыдан чет тилин өздөштүрүп жаткан студенттер менен мугалим тыгыз байланышта, энтузиазм менен иштөөсү кажет. Бизде сабак өтүүнүн 15-16

методу болсо, аларды студенттердин деңгээлин кароо менен колдонуу керек. Кызыктуу маалыматтар жазылган презентациялар, темага байланыштуу видео-ырлар, кино-оюндар студенттердин чет тилди бат өздөштүрүүсүнө жардам берет.

Андан тышкары, мугалим-чыгармачылык, акылдуулук менен эмгектенген, сынды көтөрө алган, оюнун ийкемдүүлүгү, инсан аралык байланыштарга ээ. Ошондой эле, ар түрдүү кырдаалга өзү да толеранттуулук менен мамиле жасай билген, гумандуу, патриоттук сезимге ээ боло алган компетенциялар студенттерде болочок мугалим катары калыптанышы керек. Негизинен педагогикалык кесипке даярдоо процесси болочок мугалимден психологиялык-педагогикалык илимдердин негиздерин билүүнү талап кылат. Ошону менен бирге бүгүнкү студент, эртеңки мугалим, инсан катары да бир нече милдеттерди аткарууга даяр болушу керек:

1. коммуникативдүүлүк милдет - ар бир адам менен, мугалим жана окуучу бири-бири менен ой бөлүшүү, баарлашуу аркылуу коммуникация түзүү;
2. когнитивдик милдет, бул милдет үйрөнүп – билүүчүлүктүү талап кылат;
3. маалымат - кабарлоочу милдет башкача айтканда аалам жөнүндө маалыматты алуу; Жогоруда аталган милдеттерди аткаруу үчүн болочок мугалим сөзсүз түрдө жогоруда аталган милдеттердин психологиялык-педагогикалык негиздерин билиши жана окушу керек.

Мугалимдин иш билгилиги кайсы багыттар боюнча бааланышы керек?

1. Педагогикалык кесиптик иш билгичтик
2. Түрдүү методиканы колдоно билүү менен, окутуу-үйрөтүү процессин уюштура алуу.
3. Окутуп жаткан студенттерге психологиялык аяр мамиле жасоо, бардыгы менен баарлаша билүү.
4. Билим деңгээлинин жетиштүүлүгү жана жаңы нерселерди үйрөнүүгө далалат кылуусу, квалификацияны жогорулатуу.
5. Билим берүүдө, мугалимдик кесипке берилгендик жана педагогдук ишмердүүлүктүү аркалоо.
6. Билимди, билгичтикти жана көндүмдү баалоо критерийлерин билүү.

Ал эми “Батыш философиясынын атасы” деп эсептелген Аристотель мугалимдин инсан катары калыптанышында илимдин ролун биринчи орунга койгон. Анын ою боюнча мугалим өз кесибин сүйгөн кесипкөй болушу абзел деп эсептелген. Ошондой эле, мугалим өз билим деңгээлин биринчи орунга коюушу керек, андан кийин инсандык турмуштан алынган тажрыйба аркылуу, балдарды окута жана үйрөтө алган мугалим-чебер болушу керек деп эсептеген. Аристотельдин: “Билимдүүлүктүн белгиси-окута алуу, тажрыйбага таянып окута билүү”-деген ураанын айта кетсек болот. Себеби билимге сугарылган кесипкөй адис болсок, бардыгы менен оңой тил табышып, пайда болгон суроолорго ээн-эркин, кеңири жооп берип, жогорку деңгээлде окута алабыз.

“Компетенттүүлүк” деген түшүнүккө Новосибирск университетинин профессору Н. Розов төмөндөгүдөй мүнөздөмөнү берген: “Аны жаңы ачылыштар менен тыгыз байланыштыруу менен бирге өзүнүн ачылыштарында иш жүзүнө билим берүүнүн талабын жогорулатуу ”. Компетенттүүлүктүн негизин билимдер, билгичтиктер, көндүмдөр түзөт, аларсыз компетенттүүлүк калыптанбайт. [8, б 110-117] “Компетенттүүлүк билимдердин, билгичтиктердин түрдүү элементтерин жана ишмердиктин ыктарын окуу, инсандык, кесиптик кырдаалда өз алдынча колдонуу боюнча адамдын жуурулушкан (интеграцияланган) жөндөмү”.

Компетенттүүлүк – (*лат.* ылайык келүү, шайкештик) – адамдын белгилүү бир кырдаалда (окуу, инсандык, кесиптик) билим, билгичтик жана ишмердүүлүк ыкмаларынын ар кандай элементтерин өз алдынча колдоно билүү жөндөмдүүлүгү.

Кесиптик компетенттүүлүккө орус педагогдору, окумуштуулары көп көңүл бөлүшүп, изилдеп иштешүүдө. Мисалы; окумуштуу Г.К Селевко педагогикалык компетенттүүлүктүн классификациясын иштеп чыккан. А.К.Маркованын айтымы боюнча [5, б 212 ] кесиптик компетенттүүлүк өзүнө мугалимдин беш түрдүү ишмердүүлүгүн камтыйт: 1. Педагогикалык ишмердүүлүк. 2. Педагогикалык баарлашуу. 3. Педагог-инсан катары. 4. Окутулган деңгээли. 5.Тарбияланган деңгээли. Ал эми А. И. Пискунов кесиптик компетентүүлүктү калыптандырууда төмөндөгүдөй үч негизги багытты эске алууну сунуштаган. Анын айтымы боюнча мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгүн үч багыттын негизинде калыптандыруу керек : а) фундаменталдык билим: философия, психология, педагогика, методика илимдеринин негизинде; б) технологиялык билим: окуу, сабактан тышкары окуулар аркылуу; в) педагогикалык ыкмалар, технологиялар колдонуунун негизинде. [9, б 29-32]

Болочок мугалим студент кезинде өз алдынча кесибине болгон мамилесин да калыптандырышы керек. Биринчиден, окуу процессиндеги убакыт бул өзгөчө көңүлдү жана кызыгууну талап кылган нерсе, анткени ал ченелүү жана кайра аны кайтара албайбыз. Ошол себептен, болочок мугалим убакытты так, үнөмдүү пайдаланышы жана бөлүштүрө билүүсү өтө керектүү компетенция. Экинчиден, окутуу процессине тийиштүү жаңы технологияларды жана ыкмаларды колдонуу компетенциялары. Жыйынтыктап айтканда, болочок мугалим салттуу эмес окутууда 45 минуттун ичинде абдан активдүү методдорду, ар кандай ыкмаларды колдоно билиши зарыл. Ушуга байланыштуу ЖОЖду бүтүп жаткан студенттер же болочок мугалимдер көптөгөн методикаларды билип, жаңы технология аркылуу окутуу процессинде колдоно турган компетенцияларына ээ болушу керек. Изилдөөбүздө болочок мугалим чет тилин өздөштүрүү менен бирге кесиптик багыттагы көп түрдүү компетенцияларга ээ боло алат жана алар коммуникативдүү мааниге ээ деп айта алабыз. Мисалы: диалог, монолог түзүү, тил үйрөнүүдө тилдин негизги аспектилерин айырмалай билүү, аларды инсандар аралык байланыштарда колдонуу, окуучулардын маданият аралык билимдерин калыптандырууда жана тилдик компетенттүүлүктү өздөштүрүүдө. Албетте, бул изилдөө мындан ары да тереңирээк изилденет деген ойдобуз.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Давыдов В.В. Теория развивающего обучения / В. В. Давыдов.- М.: ИНТОР, 1996.-544б /Davydov.V.V
2. Донских О.А. Дело о компетентностном подходе/ О.А.Донских // Высшее образование в России, 2013.: – №5 – С.36 – 41./Donskih.O.A
3. Копьев В.В. Средства массовой коммуникации в контексте глобализации мировой экономики и развитие информационного пространства- В.В.Копьев. – М.: Изд-во «Научная книга», 2000. –184 с./Kopyev.V.V
4. Коменский Я.А.Педагогическое наследие / Я.А.Коменский, Д. Локк, Ж.-Ж.Руссо, И.Г. Песталоцци. –М.: Педагогика, 1989. – 416с./Komenskii/YA/A
5. Маркова А.К.Психологический анализ профессиональной компетентности учителя / А.К. Маркова //Советская педагогика. – №8. 1990. –212 с/ Markova. A.K.
6. Никитина Г.В. Педагогические условия развития ключевых профессиональных компетенций будущего учителя в педагогическом колледже: автореф. дисс… канд. пед. наук. 13.00.01/ Г.В.Никитина.– Иркутск, 2005. –19с./Nikitina

7. Общеевропейские компетенции владения иностранным языком: изучение, преподавание, оценка / Департамент современных языков Директората по образованию, культуре и спорту Совета Европы; Перевод выполнен на кафедре стилистики английского языка МГЛУ под общ. ред. проф. К. М. Ирисхановой. — М.: Изд-во МГЛУ, 2003 Irishanova.K.M
8. Розов Н.Х. Интеллект, окружающий мир и новый век/ Н.Х.Розов.-Изв.МСАО. –2006. –№4. –С.110–117./Rozov. N/X
9. Селевко Г.К. Педагогические компетенции и компетентность: их классификация/ Г.К Селевко // Сельская школа, 2004. –№3. –С. 29–32./ Selevko.G.K